**Кыргыз Республикасынын билиим берүү жана илим министрлиги**

**Жалал-Абад мамлекеттик университети**

**Педагогика жана психология кафедрасы**

# Педагогикалык практикада педагог, психологогдун насаатчылыгы

**(усулдук колдонмо)**

**Түзгөндөр: С.Осмоналиева, Г.Темирбаева.**

**Жалал-Абад-2015.**

**Программа**

1.Педагогикалык практикада аткарылуучу иш план
2.Педагогикалык практикада педагогдун милдети
3.Педагогикалык практиканын максаты
4.Педагогикалык практиканын милдеттери
5.Окуучуну таанып-билүү үчүн болжолдуу план
6.Педагогика илиминин категориялары
7.Педагогика илиминин методдору
7.1.Традициялык методдор
7.2.Педагогикалык эксперименттин этаптары
7.3.Педагогикалык- социалдык методдор
7.4.Математикалык-статистикалык методдор
8.Тарбия процесси
9.Тарбия ишин уюштуруунун формалары
10.Тарбиялоонун методдору
11.Окутуу процесси
12.Окутуу ишин уюштуруунун формалары
13.Окутуунун методдору
14.Окутуунун каражатары
15.Сабактын стуруктурасы
16.Сабактын типтери
17.Сабакка коюлган талаптар
18.Сабакты талдоо
19.Сабаккты уюштурууда сунуш кылынган ыкмалар
20.Сабакта суроолордун түрлөрү
21.Тапшырмалардын түрлөрү
22.Окуучулардын өз алдынча иштери
23.Баалоо
24.Баа берүү
25.Баа коюу
26.Ата-энелер менен иштөө жумуштары
27.Окутуунун активдүү усулдарын колдонуу

28.Окутуунун активдүү формалары, технологияларын колдонууда мугалимдин милдеттери
29.Ыкмалар

## Педагогикалык практикада аткарылуучу иш план

| № | жума | Аткарылуучу иш план |
|---|---|---|
| 1 | 1 жума | **Педагогикалык практиканы уюштуруу конференциясына катышуу.** Студент-практикантты педагогикалык практиканын максаты, милдеттери менен тааныштыруу. Класс жетекчинин иш планы, календардык-тематикалык план, план конспект менен иштөөнү үйрөтүү. |
| 2 | 2 жума | Тарбиялоонун усулдары, каражатары боюнча усулдук жардам көрсөтүү. Класстан тышкаркы иштерди уюштуруу, тарбиялык сабактарды өтүү боюнча усулдук жардам берүү. Тарбиянын түрлөрү жана принциптери боюнча көрсөтмө берүү. Стандарттык жана стандарттык эмес сабактарды уюштуруудагы усулдар, ыкмалар жөнүндө маалымат берүү, үйрөтүү. Окутуу ишин уюштуруу формалары, сабакка коюлган талаптар, сабактын стрктурасы, ага коюлган максатарды, үйрөтүү, талкулоо, сунуштар ж.б |
| 3 | 3 жума | Ата-энелер менен иштөөнү жекелик жана жалпы түрлөрү боюнча сунуштарды берүү. Артта калган окуучулар менен иштөөнүн жолдору, аларга берилүүчү тапшырмалар, өз алдынча иштөөсү үчүн иштерди сунуш кылуу боюнча усулдук жардамдар. |
| 4 | 4 жума | Ачык, тарбиялык сабактарга катышуу сабакка анализ жүргүзүү, усулдук жардам көрсөтүү. Сабактардын максатын окуучунун позициясынан коюуну талкуулоо. Сабактын уюштуруу бөлүгү үчүн ыкмаларды жүргүзүүнү талдоо. Жаңы теманы түшүндүрүү бөлүмүндөгү усулдарды колдонууну талдоо, үйгө тапшырма берүүнү уюштуруу, баалоо боюнча баалоонун түрлөрүн, баалоонун критерийлери боюнча усулдук жардам көрсөтүү. |
| 5 | 5 жума | Предметтик ачык сабактарга катышуу, сабакка анализ берүү, талкуулоо. Анализдин жыйынтыгы боюнча студенттерге усулдук жардам көрсөтүү. Сабактын активдүү формалары, жаңы технологияларды, ыкмаларды колдонуу боюнча усулдук жардам көрсөтүү жана сунуштар. Сабактын жаңы технологияларын, инновациялык процесстери колдонууда мугалимдин орду, ролу боюнча маалымат берип, анын фасилитатор катары аткарган функциясын так түшүндүрүү. |
| 6 | 6 жума | Жыйынтыктоочу конференцияга катышуу. Практиканын жыйынтыгы боюнча ой-пикир, сунуштарды билдирүү. Практика учурунда кездешкен көйгөйлөр, ийгиликтерин чечүү жолдорун сунуш кылуу. Студент-практиканттарды баалоого катышуу. |

## Педагогикалык практикада педагогдун милдети

- Студенттердин педагогикалык практикасына жалпы жетекчилик кылат; окутуунун жана тарбиялоонун технологияларын өздөштүрүү боюнча семинар өткөрөт; педагогиканын актуалдуу проблемалары боюнча консультациялар уюштурат.
- Класс жетекчи жана тарбия завучу менен биримдикте студенттин тарбиялык иштер боюнча аракетин пландаштырат; алардын тарбиялык пландарын бекитет жана тапшырмалар боюнча кеңештерин берет.
- Студент-практиканттын сабактарына, сабактан тышкаркы иштерине катышат, талдоо жүргүзөт жана баалайт.
- Студенттерге сабактын максатын конкреттүү коюуну, класс жетекчинин ишинин перспективасын иштеп чыгуу жана паландаштыруу, окуучулардын жекече жана жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тарбиялоо методдорунун системасын, психологиялык таасир этүүнүн ыкмаларын эффективдүү пайдаланууну, ата-энелер менен иштөөнү үйрөтөт.
- Студенттердин күндөлүктөрүн такай текшерип турат.
- Студенттердин отчетун угуу боюнча комиссиянын ишине, жыйынтыктоо конференцияга катышат жана практиканын сапатын жогорулатуу боюнча конкреттүү сунуш берет.

## Педагогикалык практиканын максаты:

-студенттин теориялык алган билимдерин практика менен айкалыштыруу;
-тандап алган кесибин сүйүүгө багыттоо;
-тандап алган кесиби боюнча ык, машыгуу, көндүмдөрүн өстүрүү;

-студент-практиканттын инсандык-кесиптик сапаттарын калыптандыруу.

## Педагогикалык практиканын милдеттери:

-мектептеги, класстын окуу-тарбиялык процессин пландаштыра алат;

- мектептеги өтүлүүчү бардык предметтерди өтө алат,
класстын жана окуучунун өнүгүү деңгээлин аныктай алышат;

-окуучулардын өздөштүргөн билимдерин баалоодо
диагноздоочу, калыптандыруучу, жыйынтыктоочу түрлөрүн колдоно алат;

-класстан, мектептен тышкаркы иштерди жүргүзө алат.

## Окуучуну таанып-билүү үчүн болжолдуу программа:

1. Окуучунун аты, жөнү.
2. Ата-энеси ким болуп иштейт, кайсы жерде иштейт?
3. Үй-бүлөнүн мүчөлөрү, өз ара мамилелери.
4. Баланын режими жана бош убагы.
5. Баланын үй жумушуна катышышы.
6. Мектептен тышкаркы учурдагы баланын жолдоштору жана тааныштыры.
7. Баланын турмушундагы маанилүү окуялар.

8. Окуучунун ден соолугунун абалы.

9. Окуучунун өздүк делосу.

## Педагогика илиминин категориялары:

1. Тарбия
2. Билим берүү.
3. Окутуу.

## Педагогика илиминин методдору:

- ❖ Традициялык методдор
- ❖ Педагогикалык эксперимент
- ❖ Педагогикалык тест
- ❖ Педагогикалык-социалдык
- ❖ Математикалык-статистикалык

### 1.Традициялык методдор

- ✓ Педагогикалык байкоо
- ✓ Тажрыйбаны изилдөө
- ✓ Мектеп документациясын изилдөө
- ✓ Алгачкы маалыматтарды изилдөө
- ✓ Окуучулардын чыгармачылыгын изилдөө
- ✓ Окуучулар менен аңгемелешүү

**2.Педагогикалык эксперименттин этаптары**

- ✓ Аныктоо

- ✓ Кайра түзүү
- ✓ Текшерүү
- ✓ Жайылтуу

**3.Педагогикалык-социалдык методдор**

- ✓ Интервью алуу
- ✓ Анкета жүргүзүү
- ✓ Социометрикалык анализдөө

## 4.Математикалык-статистикалык методдор

- ✓ Статистикалык б.а. изилденип жаткан кубулуштун сандык көз карандылыгын изилдөө
- ✓ Процесстин үлгүсүн, сүрөтүн алуу

## Тарбия процесси:

1. Маанилери.
2. Принциби.
3. Мазмуну.
4. Жагдайлары,
5. Каражаттары.
6. Өзгөчөлүктөрү.
7. Тармактары.
8. Этаптары.
9. Закон ченемдүүлүктөрү.
10. Методдору.

## Тарбия ишин уюштуруунун формалары:

1. Группалык.
2. Массалык.
3. Жеке (индивидуалдуу).

## Тарбиялоонун методдору:

Педагогикалык процесстин дагы бир маанилүү бөлүгү болуп тарбия эсептелет. Окутуу менен тарбия процесси абдан тыгыз байланышта, бул эки процесс тең балдардын өсүп өнүгүүсүнөтерең таасир этүүчү максатка ылайык уюштурулган процесс. Тарбия үй-бүлөөдө, мектепте,бакчада, жогорку окуу жайларында уюштурулуп, улгайган адамдардын жардамы менен ишке ашырылат. Тарбиялоо методу- тарбиячынын иш- аракетинин ыкмалары жана баладагы чыныгы инсандык касиеттерин калыптандыруу максатында окуучулардын аң- сезимин, жүрүш- турушун, айлана чөйрөгө болгон мамилесин калыптандыруу максатында биргелешкен иш аракет.

Тарбиялоонун методдору төмөнкүдөй үч топко бөлүнөт.

1. Таанып билүүнүн калыптандыруу методдору. Аларга: түшүндүрүү, аңгеме, айтып берүү, инстуруктаж, диспут, доклад, мисал, үлгү көрсөтүү.

2.Ишмердикти уюштуруу методдору жана жүрүш- турушту калыптандыруу методдору. Аларга: көнүгүү, үйрөтүү, ишендируу, текшеруу, педагогикалык талап, коомдук иштер, тапшырма.

3.Салыштыруу методдору. Аларга: мелдешүү сыйлоо, жазалоо, эскертуу, сурануу, угут-насаат, кубаттоо, улгу корсотуу,осуят, тыюу. Ар бир тарбиячынын, болочок мугалимдик кесиптин ээси боло турган инсандардын көңүлүнүн чордонунда төмөндөгү тарбиянын составдык тармактары болууга тийиш. Алар төмөнкүлөр:

1. Акыл эс тарбиясы
2. Адеп ахлак тарбиясы
3. Эмгекке тарбиялоо

4. Экономикалык тарбия
5. Экологиялык тарбия
6. Укук тарбиясы
7. Эстетикалык тарбия
8. Дене тарбиясы.

## Окутуу процесси:

1. Билим берүү.
2. Өнүктүрүү.
3. Тарбиялоо.

## Окутуу ишин уюштуруунун формалары:

**Сабак**-белгилүү бир концептуалдуу багытты көздөгөн, окуу өлчөмүнө жараша, окуу программасына ылайык, окуу китебинин негизинде, белгилүү бир дидактикалык принциптерди жетекчиликке алып жана белгилүү бир методдорго таянуу менен, мугалимдин ишмердүүлүгү аркасында ырааттуу жана максаттуу уюштурулган окуу-тарбия ишинин негизги формасы.

**Сабак**-мурунку муундардан бери келе жаткан улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды кийинки жаңы муундун өкүлдөрүнө өткөрүп берүү, ал мурастардын негизинде жаңы муунду өнүктүрүүнүн жана тарбиялоонун негизги жолу.

Ар бир предмет жаңы муунга өз каражаты менен билим берет, өстүрөт жана тарбиялайт.

## Окутуунун методдору:

Окутуунун методдору бул окуучуларды билим, ык, машыгууларга ээ кылуу**,** алардын акыл күчтөрүн өстүрүү жана дүйнөгө болгон көз караштарын калыптандыруу максатында мугалим менен окуучулардын биргелешип иштөө жолдору.

Метод деген сөз грек тилинин “методос” деген сөзүнөн алынган, бизге которгондо бир нерсеге жетүү дегенди түшүндүрөт.Бул мугалим менен окуучунун алдына койгон максатына жетүүдө талаптанган, калыптанган иш аракет. Метод бул окуучунун таанып билүү иш аракетинин уюштуруу менен ар түрдүү дидактикалык маселелерди чечүү жана максатка жетүүгө умтулган исскуство деп атасак болот.

Окутуунун жалпы методдору болуп төмөнкүлөр эсептелет:

-айтып берүү методу (окуу матералдарынын мазмунун айтып берүү, баяндап берүү, түшүндүрүү);

-аңгемелешүү методу (мугалим менен окуучунун жандуу аңгемелешүүсү менен билимди бекемдөө);

-лекция методу (окуу материалдардын мазмуну мектептик деңгээлде лекция түрүндө айтып берүү, бул көбүнчө жогорку класстарда жүргүзүлөт);

-лекция-семнар методу (жогорку класстарда лекция түрүндө айтып берүү жана семнардын элементин камтып, өз алдынча илимий булактарды пайдаланып иштөөгө окуучуну көнүктүрүү);

- талкуу методу (атайын максат коюп, бир тема боюнча талкуу уюштуруу, ар бир окуучунун жеке оюн, көз карашын угуу);

-роль ойноо методу (каармандардын ролун аткарып ойноо, дидактикалык жана иштиктүү оюндарда роль аткаруу менен иштеп машыгуу);

-байкоо методу (окуучунун ишмердигин, өздөштүрүүсүн системалык байкоо);

-китеп менен иштөө методу (сабакта окуунун сүйлөп берүү ишин китеп менен, текст менен айкалыштырып иштөө);

-долбоор методу (бир теманын теориялык жана практикалык баалуулугун терең иликтеп, анын келечектүү багыттарын өз алдынча аныктоо);

-программалап окутуу методу (окуучуга тема боюнча суроолорду түзүү жана анын болжолдуу жоопторун берүү менен окуучунун таанып-билүүсүн өнүктүрүү);

-проблемалык кырдаал түзүү менен окутуу методу (теманын мазмунун репродуктивдүү кайталабай, проблемалуу жагдай түзүү менен, аны ойжүгүртүп чечүүгө машыктыруу);

-көнүгүү жана изилдөө методу (эрежелерди талдап түшүнүү );

- көрсөтмөлүүлүк  же демонстрациялоо методу (курулай сөз менен эмес, сөздү көрсөтмөлүүлүк менен бекемдеп, далилдөө жана натыйжаны жалпыга жариялоо);

-тестирлөө методу (окуучунун маалыматтуулугун, логикалык ойлоосун тест аркылуу текшерүү жана баалоо);

-эвристикалык метод (окуучунун чыгармачыл өз алдынча изденүү менен өздөштүрүүсүн өнүктүрүү);

-коммуникативдик метод (окуучулардын оозеки жана жазуу түрүндөгү байланыштуу кебин өстүрүү);

-интерактивдүү методор (интерактивдүү ыкмаларды сабакта колдонуу);

- окуучунун өз алдынча ишин уюштуруу методу (сабактан кийин жана жаңы сабака даярданууда окуучунун өз алдынча ишин уюштуруу);

-текшерүү методу (алган билимди оозеки жана жазуу иштер аркылуу текшерүү);

## Окутуунун каражаттары:

Окутуунун эң башкы каражаттары окуу программасынын талабына ылайык тандалып алынган окуу материалдары, ар бир сабакка даярдалган таанып билүү маселелери, окуучулардын акыл чөйрөсүндөгү ишмердүүлүктөрүнө жетекчилик кылуу методдору дидактикалык каражаттар жаа көрсөтмө куралдар, балдардын окуу эмгегин уюштуруу формалары, окуучулардын билимдерин текшерүү жана баалоо ыктары, методдору. Аларга: китеп,окуу китептери, окуу планы, окуу программасы .

## Сабактын структурасы:

Сабактын темасы:

Сабактын максаты: а) билим берүүчү

б) өнүктүрүүчүлүк

в)тарбиялоочулук

Сабактын тиби:

Сабактын жабдылышы:

Сабактын методдору:

Сабактын предмет аралык байланышы:

Сабактын жүрүшү: Уюштуруу

Үй тапшырма суроо

Жаңы темага өбөлгө түзүү

Жаңы теманы түшүндүрүү

Бышыктоо

Үйгө тапшырма берүү

Баалоо

## Сабактын типтери:

1. Аралаш сабак
2. Оозеки практикалык көнүгүүлөрдүн сабагы
3. Жазуу көнүгүүлөрдүн сабагы
4. Билимдерди баалоо сабагы
5. Киришүү сабагы
6. Материал менен алгачкы тааныштыруу сабагы
7. Түшүнүктөрдү пайда кылуу, закон менен эрежелерди сактоо сабагы.
8. Көндүмдөрдүн сабагы
9. Алган билимдерди практикада колдонуу сабагы
10. Кайталоо, жалпылоо сабактары
11. Лекция түрүндөгү сабак

12. Аңгемелешүү түрүндөгү сабак

13. Экскурсия сабагы

14. Кино сабагы

15. Класста өз алдынча иштөө сабагы

16. Лабараториялык, практикалык сабагы

17. Жаңы билимдерди өздөштүрүү

18. Жаңы билгичтктерди калыптандыруу

19. Системалаштыруу, жалпылоо

20. Текшерүү, билим жана билгичтиктерди түзөтүү

## Сабакка коюлган талаптар:

-Сабакта жетишилүүчү максат мугалимге да, окуучуга да так, даана, ачык коюлат;

-Максатка жетүүчү каражаттар, принциптер жана методдор так аныкталат;

-Сабактын мазмуну так, даана ачылат;

-Максатка жетүү үчүн мугалим менен окуучунун өз ара кызматташуусу жана ишмер аракеттенүүлөрү менен жетүү жолдору табылат;

-Сабактын ички логикалык түзүлүшү, этаптары уланмалуу жана ырааттуулукта ишке ашырылат;

-Сабактын мазмуну репродуктивдүү түрдө эмес, практикада колдонууга багытталуу менен ишке ашырылат;

-Сабактагы окуучунун ишмердүүлүгү коюлган талаптарга жараша бааланат;

-Үйгө берилген тапшырма улам кийинки, катардагы аткарылуучу иш-аракет эмес, класста үйрөнгөндөрүн өз алдынча колдонууга багытталган логикалык жактан жыйынтыктуу ишмер аракет мүнөзүндө берилет.

## Сабакты талдоо

Сабакты талдоо- татаал иш аракет, ал үчүн мугалим дидактикалык билимдеринин деңгээлинин өз иш аракеттерин терең ойлонуп талдоого, көнгөнүнөн жөндөмүнө жана жакшы адис болууга умтулуусуна көз каранды.Сабактын сапаты мугалимдин эмнени билгендигинен эмес, ал өз билимин канчалык деңгээлде колдоно алгандыгына жараша болот. Мугалимдин чеберчилиги өзүнүн жана башкалардын каталарын анализдей билүүсүндө ишке ашырылат. Өз ишин жана сабагын дайыма өркүндөтүүнүн үстүндө болгон жаш мугалимдин мыкты адис болуп калышына мүмкүндүк түзүлөт. Ошону менен бирге кесиптештеринин сабактарына катышуу менен сабакка анализ берүү да жакшы өбөлгө түзүлөт.

**Өз сабагын өзү талдоодо болжол менен төмөнкү суроолорго жооп берилүүсү зарыл:**

-Окуучулардын алдына кандай проблемалар коюлду, коюлган проблема алардын кызыгуусун туудура алдыбы?

- Сабактын кайсыл элементтери ийгиликтүү болду?

- Окуучулар  сабака жандуу активдүү катышыштыбы?

- Окуучуларга жаңы материалды өздөштүрүү оор болдубу?

- Баалоо иштери алардын окуп үйрөнүү иш аракетин  активдештирүүчү мүнөзгө ээ боло алдыбы ?

- Пландалган иш чаралардын баардыгы аткарылдыбы?

- Үйгө берилген тапшырма окуучулар үчүн түшүнүктүү болдубу?

**Кесиптештеринин сабактарынын мазмунун анализдөөдө берилүүчү суроолордун болжолдуу планы:**

-Мугалим озүнүн алдына койгон бардык максатарына жетише алдыбы?

- Жаңы материалды окуп үйрөнүнүн уюштуруп деңгээлин текшерүү.

- Жаны материалды өздөштүрүүнүн планы туура түзүлүп ишке ашырылдыбы?

- Өз алдынча иш туура эле колдонулдубу?

- Окуучулар үй тапшырмасын аткара алыштыбы?

- Сабактын техникалык жабдылышы кандай?

- Үй тапшырмасы туура берилдиби?

**<u>Сабакты өткөрүүнүн техникасын анализдөөдө берилүүчү суроолордун болжолдуу планы:</u>**

- Сабактагы тартип кандай? Сабак кызыксызбы же кызыктуубу?
- Доскадагы жазуулар ирееттүүбү, даанабы?
- Окуучулар менен байланыш үзгүлтүккө учураган учурлар болдубу?
- Класс ишке жетишерлик деңгээлде тартылдыбы? Сабактын темпи кандай?

# Сабакты уюштурууда сунуш кылынган айрым ыкмалар

Окутуунун негизги максаттарынын бири окуучунун эркин, чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, өз пикирин айта билүүгө үйрөтүү, башкаларды угу билүүгө алардын пикирин сыйлоо, алган билимин турмушта колдоно билүү ыктарына ээ кылуу максатында студент-практиканттарга айрым ыкмалар сунуш кылынды:

1. Инсерт.
2. Э.Венндин диаграммасы.
3. Кластер.
4. Муз жаргыч.
5. Мээ чабуулу.
6. Тыным менен окуу.
7. 2 бөлүктүү күндөлүк.
8. Синквейн.
9. Концептуалдуу таблица, карта.
10. Т схемасы:

**Сабакта суроолордун түрлөрү:**

**Тапшырмалардын түрлөрү:**

**Окуучулардын өз алдынча иштери:**

**Баалоо-**бул окуучулардын окуу жана таанып-билүү ишмердигине байкоо жүргүзүү, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында окуучу жөнүндө маалыматтарды баяндоо, жыйноо, каттоо жана чечемелөө процесси.

**Баа берүү-**бул баалоо процесси, иш-аракети же ишмердиги; кайтарым байланыштын сапаттык маалыматы. **Баа коюу-**бул окуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин санарип, тамга же мүнөздөгү шарттуу-формалдуу сандак туюнтулушу, символу (белгиси).

Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо төмөнкү функцияларды аткарат:

-социалдык;

-билим берүүчүлүк;

-тарбиялык;

-эмоционалдык;

-маалыматтык;

-башкаруучулук.

## Студент-практиканттын ата-энелер менен иштөө жумуштарынын айрым үлгүлөрү:

1. **Мугалимдин ата-энелерге каты:** Урматтуу ата-энелер жана портфолио түзүүдөгү кеңешчи- жардамчылар!

Мен өз классымда “_________________” деген темада долбоор өткөрүүнү пландап жатып, ал_____ (убакыт) созулат. Бул учурда окуучу балдар-кыздар өздөрүнүн темасын тандап алышып, аны өз алдынча иштей башташат. Алар маалымат чогултуу, аны өз портфолиосуна ылайык структурага келтириши керек. Порфолио анын жардамы менен өз ишин чагылдыруучу окуучулардын папкасы болуп саналат. Берилген тапшырманы аткаруу үчүн алар бардык жасагандарын кайра иштеп чыгышып, ал көрсөтүүгө ылайыктуу түргө келиши үчүн аны папкага

жайгаштырышат. Бул иштер жакшы болушу үчүн мен сиздерден жардам сурап кайрылам. Сиздер окуучуларга төмөндөгүчө жардам бере аласыздар:

-тема боюнча кызыктуу маалыматарды кантип жана кайдан таап алууга боло тургандыгына ага кеңеш берүү менен;
-долбоордун суроолоруна жооп берүүгө жардам берүүчү тема боюнча эксперттерди табууга ага жардам берүү менен ;
-балдардын ишине кызыгып, алардын жазгандарын окуп, ага түзөтүү киргизип, аны жакшыртуу үчүн кеңеш берүү менен;
-даяр болгон ишти окуп чыгып, баалап, өз оюңарды билдирип, андан алган өз таасирлерди бөлүшүү менен
Мен төмөндөгүлөрдү жазбашыңарды өтүнөм:
-Окуучу үчүн ишти аткарбооңорду (маалымат чогутууну же жазуу жумуштарын);

-Бардык материал даяр болгуча аны окубаңыздар жана аны оңдобоңуздар;
-Биз сабакта иштеп чыккандан башка окуучунун алдына жаңы милдеттерди жана баалоонун чен-өлчөмүн койбоңуздар.

## Мугалимге окуучунун каты:

Окуучунун аты_____________________________________________

Сен бир нече жумадан бери өз портфолионду түзүп жатасын. Өзүң чогулткан материалдарды ичинен биз бөлүшкүң келгенин тандап ал да, аны кооз папкага жасалгалап иштеп чык.

-Өзүңдүн кантип материал чогултканыңды эске түшүрүп, тапшырманы аткарууда айрыкча сенин эсиңде эмне калгандыгы, кандай темалар жана кандай тапшырмаларды аткарууга сага өзгөчө жакты ж.б.

**Окутуунун активдүү усулдарын колдонуу мугалимден төмөндөгүлөрдү талап кылат.**

- Окуучулардын активдүүлүгүн
- Окуучунун жеке жашоо тажырыйбасын эске алуу менен дискуссия өткөрүү,
- Зарыл болгондо сабакта ролду алмаштыруу; окуучу “актер”, ал эми мугалим болсо “көрүүчү” болот:
- Рефлексияларды жүргүзүү, б.а. кайчылаш көзөмөл, кайчылаш байланыш ж.б.

**Сабакта төмөндөгүдөй принциптер менен айырмаланат:**

- Сабакта класстагы бардык окуучуларды актидүү ишмердүүлүккө толук тартуу,
- Сабакта пайда болгон альтернативанын жана көп пикирдүүлүктү колдоо;
- Төмөдөгүдөй критерийлер боюнча окуучуларды педагогикалык негизде дифференциациялоо, окуу мүмкүнчүлүктөрү, кызыкчылыктары, кунт коюусу, ой жүгүртүү мүнөзү ж.б.

**Окутуунун активдүү формаларын, технологияларын колдонуудагы мугалимдин алдына коюлган милдеттери:**

- Окучууларды кызыктыруу, сыйлоо;
- Акылы, жүрөгү жана күч аракети менен окуу мүмкүнчүлүгүн ачуу,эмгек менен эс алууну пландоо;
- Предметтер аралык байланышты сактоо: күч жана акыл эмгегин бириктирүү;
- Окуучуларда кызматташууну, баарлашууну, чыгармачылыкты өнүктүрүү;
- Өз алдынчалыкты, өзүнө жоопкерчиликти ала билүүнү жана окучууларды чыр чатаксыз жүрүм-турумун өнүктүрүү;
- Жетишкен ийгиликтерге жана жекече бүтүргөн карата окуучулардын рефлекциясын ойготуу;
- Жекече окуу жана эмгектенүү ыкмасын иштеп чыгууга дем берүү;
- Бир окуу темасынын алкагында ар түрдүү иш-аракеттерди айкалыштыруу;

- Окуучуларды максаттуу багыталган компентациясы өнүктүрүү.

**Учурдагы сабактарды уюштурууда студент-практиканттарга төмөндөгү ыкмаларды пайдаланууну сунуш кылабыз:**

“Математикалык түзүлүш”

“Күтүүлөр дарагы”

“Байчечекей талаасы”
“Түркүн түстүү жалбырактар”
“Жемиш багы ”
“Менин көңүлүмдүн күндөлүгү”
“Шляпа”

“Колдоном, колдонбойм, кызыктуу, түшүнүктүү”
“Визиттик карточкалар”

“Чыгармачыл өнөркан”

“Инфо-табышмак”

“Макул жана каршы”

“Акылдуу кеңеш”

“Жыйынтыктоо”

“Баалоо”

“Мен, акын болуп, айланамды таң калтырам”ж.б

**Педагогикалык практиканын иш планы**

| | № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Сааты |
|---|---|---|---|
| 1 | 1-жума | Практикага арналган уюштуруу конференцияга катышуу | |
| | | Окуучуларды психологиялык-педагогикалык негизде үйрөнүүгө көрсөтмө берүү | |
| | | Окуучулардын куректык өзгөчөлүктөрүнө көңүл бөлүү м-н мамиле жасоо | 1 |
| | | Окуучулар м-н психологиялык деңгээлде баарлашуу жүргүзүү | |
| 2 | 2-жума | Окуучудагы мамиле түзүү өзгөчөлүгүнө көңүл бөлүү | |
| | | Окуучунун өзүн-өзүн баалоосун ж-а жөндөмдүүлүгүн аныктоо (аңгемелешүү) | |
| | | Окуучуларды психологиялык кубаттоо (активдүүлүкө күчөтүүчү таасир берүү жолдору | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Окуучунун жүрүш-туруш мотивдерин калыптандыруу (накыл сөздөрдү,макал-лакаптарды ж.б. колдонуу | |
| 3 | 3-жума | Класстагы лидер окуучулар м-н иш алып баруу (класстагы активдүүлүктү күчөтүү) | |
| | | Окуучунун кабыл алуусун,байкагычтыгын, өзгөчөлүгүн аныктоо (тест, суроо түзү аркылуу) | |
| | | Эсинин өзгөчөлүгүн, көлөмүн аныктоо (берилген тапшырманын негизинде ) | |
| | | Көңүл буруусун,ойлоосун,элестетүүсүн калыптандыруу (сабак учурундагы логикалык суроо, тест аркылуу) | |
| 4 | 4-жума | Сабакка психологиялык анализ жасоону үйрөтүү | |
| | | Оозеки ж-а жазуу речинин өнүгүшүнө калыптандыруу (сабак мезгилинде оозеки сүйлөө речин,жазуу дептериндеги кол жазмалары аркылуу) | |
| | | Окуучуга психологиялык мүнөздөмө берүү (болжолдуу схеманын негизинде) | |
| | | Окуучунун темпераменттин аныктоо | |
| 5 | 5-жума | Окуучулардын жалпы иш аракетине психологиялык байкоо жүргүзүү | |
| | | Класс жамаатына психологиялык мүнөздөмө берүү (болжолдуу схеманын негизинде) | |
| | | Класстагы жетишпеген окуучулар менен иштөө | |
| | | Кемчилдиги бар балдар менене иш жүргүзүү | |
| | | Адистиктердин спецификалык өзгөчөлүгүнө карата тиешелүү ыкмаларды жүргүзүү | 1 |
| | | Практиканы жыйнтыктоочу конференцияга катышуу | 1 |
| | | Баардык саат: | 30с |

# ПСИХОЛОГИЯЛЫК ПРАКТИКАНЫН МАКСАТЫ

Педагогикалык практикада келечектеги мугалимдер өзүнүн кесиби боюнча эле сабак берүүнү үйрөнбөстөн, окуучуларды инсандыкка тарбиялоодо алардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн дагы билүүсү абзел. Педагогикалык практикада студенттер окуучулардын тануу процесстеринин өнүгүшүнүн курактык өзгөчөлүктөрүн, психологиялык касиеттерин,инсандын өнүгүшүн жакшы билүүлөрү зарыл. Бул окутуу жана тарбиялоо процесстерин оптимизациялоого. Окуу тарбия ишин натыйжалуу жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Ошондой

эле,практика учурунда студенттерди окуучуларды окутуу,тарбиялоонун психологиялык закон ченемдүүлүктөрүн өздөштүрүү менен психологиялык тапшырмаларды аткаруунун натыйжасында,көндүмдөргө, ык, машыгууларга, тажрыйбага ээ болушат. Педагогикалык практика учурунда студенттер окутуу жана тарбиялоо процесстерин психологиялык негиздерин үйрөнүү менен аларды терең тандап анализдөөгө жетишишет.

**Бир окуучуга психологиялык-педагогикалык мүнөздөмө.**

**берүүнүн кыскача болжолдуу схемасы.**

1. Окуучу жөнүндө жалпы мүнөздөмө:

- окуучунун жашы, улуту, үй составы, ден-соолугунун абалы.
- социалдык абалы, үйдө түзүлгөн шарт, үй-бүлө

**Тарбиясынын мааниси.**

2. Окуучунун класс коллективинде ээлеген орду:

- окуучунун жалпы коллективи менен болгон мамилеси: достугу, жолдошчулугу, тартиби: коомдук иштерге болгон мамилеси, жетишүүсү, коллективиндеги автортети, баарлашуусу ж.б.

3. Окуучунун өзүн-өзү баалоосу:

- окуучунун кызыгуусу, көз карашы, идеялы өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн баалоо, өзүнө болгон талап, ар түрдүү иштердеги терс жана оң көрүнүштөрү.
- жолдоштордун жана мугалимдин сын пикилерине мамилеси.

4. Окуучунун таануу процесстеринин өнүгүшү:

- кабыл алуусунун байкагычтыгынын өзгөчөлүгү: эсинин өзгөчөлүгү көңүл буруунун мүнөздөмөсү ойлоосунун өнүгүшү,
- оозеки жана жазуу речинин өнүгүшү.
- эмоционалдык-эрктик сферасы.
- жөндөмдүүлүгү, темпераменти жана мүнөзү.
- психологилык-педагогикалык корутундулар.

**Класс коллективине психологиялык педагогикалык мүнөздөмө берүүнүн кыскача болжолдуу схемасы:**

**-** Класс коллективинин расмий стуруктурасы. Класстын кура окуучулардын саны, жынысы, жашы, класс активдери, - Класс коллективинин окуу иш аракетерин уюштурууга жалпы мүнөздөмө , - Класс

жамаатынын командалык мүнөзүнүн бол - Класс коллективинин коомдук пайдалуу эмгекке катышуусу, - Окуучулардын класстагы тартибинин абалы,жүрүш-туруш нормалары. - Класс коллективинин коомдук маанилүү максаты.Коллективдин биримдүүлүк абалы. - Инсандар аралык карым-катыштын сапаттык жана сандык мүнөздөмөсү.Микрогруппадагы окуучулардын карым-катыш психология. – Коллективдин мүчөсү катарнда кээ бир окуучуларга мүнөздөмө. Окуучулардын социалдык ролдоруна анализ (окуучу-обшественник,спортсмен,өздүк көркөм чыгармачылыгынын катышуучусу ж.б.) окуучулардын жүрүш-турушунун конкреттүү фактыларына анализ,ошондой эле кээ бир окуучулардын класс коллективине тийгизген таасири,

- Класс коллективинин курактык психологиялык өзгөчөлүктөрү,

- Класс коллективине ата-энелердин жана коомчулуктун тийгизген таасири,

- Окуучулардын коомдук активдүүлүгүн жогорлатуу максатында студент-практиканттын өткөргөн ишинин мазмуну, - Класс коллективинде тарбиялык иштерди уюштуруу жана анын мазмуну боюнча сунуштар, ой-пикирлер, корутундулар.

**Педагогикалык практиканын психология боюнча программасы**

Уюштуруу конференциясына катышуу.

Педагогикалык практиканын максаты, милдети.

Психологиялык баарлашуу.

Окуучунун мүнөзүн аныктоо.

Окуучунун кызыгуусун аныктоо.

Окуучунун мамиле түзүү өзгөчөлүгүн изилдөө.

Окуучунун эсинин жана ойлоосунун аныктоо.

Окуучунун көңүл буруусунун көлөмүн жана көңүл буруунун топтолушун аныктоо.

Окуучунун өзүн-өзү баалоосун жана жөндөмдүүлүгүн аныктоо.

Окуучунун психологиялык кубаттоо боюнча консультация.

Бир окуучуга психологиялык педагогикалык мүнөздөмө берүүнүн кыскача болжолдуу схемасы.

Студент практиканттын класстан тышкаркы тарбиялык иштерине психологиялык анализ.

Класс коллективине психологиялык педагогикалык мүнөздөмө берүүнүн кыскача болжолдуу схемасы.

## Студент-практиканттын класстан тышкаркы тарбиялык иштерине психологиялык анализ:

***Мотивдердин жана адаттык жүрүш-туруш формаларынын калыптанышы.***

1. Кандай жүрүш-туруштун мотивдери калыптанды?
2. Жүрүш-туруштун мотивдерининин жалпы шартынын калыптанышы кандайча эске алында?
3. Тарбиялык иш-чараны даярдоо жана өткөрүүдө окуучулар кандай иш-аракетти ишке ашырышты?
4. Окуучулардын иш-аракетин уюштурууда, жакшы адаттарды калыптоодо кандай шарттар түзүлдү?

### *Окуучулардын курактык өзгөчөлүгүн эске алуу*

1. Бул тарбиялык иш-аракеттер окуучулардын таанып билүү кызыгууларын өнүктүрүүгө мүмкүндүк түзүлдүбү?
2. Коомдук багытталгандыкка ээ болдубу же коомдук мүнөзгө ээби?
3. Жүрүш-туруштунтун эрктүү калыптануусунун өнүгүшүнө жардам бердиби?
4. Окуучуларда кандай оң адаттар калыптанды?
5. Класстан тышкаркы иш кандай негизде түзүлөт: ал авторитардфк мүнөзгө ээби же окуучулардын өз алдынчалыктарын жана демилгелерин эске алуу менен өткөрүлөбү?
6. Класстан тышкаркы иштерди өткөрүүдө оюндун формалары эффективдүү колдонулдубу?

## Класс коллективинин психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу.

1.Тарбиялык ишти уюштурууда класстын жетишкендик деңгээли канчалык эске алынды: уюштуруучулук, психологиялык биримдик, тайпалык ишмердүүлүктүн багытталышы?

2. Уюштуруучулук психологиялык биримдик деңгээлин жогорулатуу үчүн эмнелер колдонулду?

3. Тапшырмаларды бөлүштүрүүдө класстагы окуучулардын личносттор аралык мамилелери эске алынганбы?

4. Жетекчи тарабынан официалдуу шайланган класстын лидери болуп эсептелеби?

5. Официалдуу лидердин мамилелери класстын калган окуучулары менен кандай? Класстан тышкаркы ишти өткөрүүдө бул кантип чагылдырылды?

6. тайпалык иш-чараны өткөрүүдө класстын эмоционалдык абалы кандай болду жана бул кандайча эске алынды, эмоционалдык абалды жакшы жакка өзгөртүү үчүн эмнелер жасалды?

7. Класстан тышкаркы иш класс коллективин бекемдөөгө жардам бердиби? Коллективдүү иш-аракет уюштурулдубу?

## Окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу

1. Окуучулардын кайсы жекече өзгөчөлүктөрү бар?
2. Окуучулардын кайсы жекече өзгөчөлүктөрү эске алынды жана алар кандайча эсепке алынды?
3. Кандай деңгээлде окутуучу аткарган иш-аракет, роль анын личностунун калыптанышына жардам берди?
4. Окуучулардын личностук сапаттарын андан ары өнүктүрүүдө кандай милдеттерди коюш керек?

## Мугалимдин жана анын иш-аракетинин психологиялык өзгөчөлүктөрү.

1. Окуучулар менен тарбиялык ишти өткөрүүдө мугалимдин мүнөзүнүн кайсы өзгөчөлүктөрү жакшы жардам берди жана кайсылары тоскоол болду?
2. Окуучулар менен тарбиялык ишти өткөрүүдө мугалимдин кандай педагогикалык жөндөмдүүлүгү көрүндү?
3. Мугалимдин педагогикалык такты көрүндүбү? Эмнеден көрүндү?
4. Тарбиялык ишти өткөрүүдө мугалимдин психологиялык абалы жардам бердиби же тоскоол болдубу жана кандайча?